УДК 930

# УЛУУ СЕЛЖУКТАРДЫН КАРАХАНИЙЛЕРДИ КАРАТЫП АЛЫШЫ

***Сулайманов И. Р.***
***Кыргыз-Түрк “Манас” Университети, тарых бөлүмү/магистрант***
***E-mail: islambek.sulajmanov@mail.ru***

*Бул докладда Улуу Селжуктардын Караханийлерди каратып алышы жана Селжуктардын үстөмдүгү каралат.*

*В работе рассматривается процесс завоевания государства Караханидов Великими Сельджукидами и Сельджукское владычество.*

Улуу Селжуктар, же селжуктар—орто кылымдарда өкүм сүргөн күч-кубаттуу мамлекеттердин бири. “Селжук” аталышы түрк огуз урууларынын (алардын жалпы саны 24 болгон) бири кынык уруусунун жол башчысы Селжуктун атынан келип чыккан [9, s. 30-31]. Селжуктар тарых сахнасына Орто Азиядагы алгачкы түрк-ислам мамлекеттери караханийлер,

газневилер менен бир эле убакта чыгышкан. Азыркы учурда XI к. селжуктардын эң гүлдөп турган мезгили болгон деп айтууга толук негиз бар. Эрте орто кылымдарда Аравия жарым аралында жаралып, кийинчерээк Африканын, Азиянын жана Европанын бир катар жерлерин каратып алган эбегейсиз чоң теократиялык ислам мамлекети—Халифат түзүлгөн. Аббасилердин эң чыгыштагы облусу болгон Саманилер эмирлиги (819-1005) чындыгында халифатка жарым-жартылай коз карандысыз мамлекет болгон.

Ислам динин биринчи кабыл алган түрк урууларына Волга болгарлары кирет. 922-ж. Ибн Фадландын саякатынын натыйжасында ислам Волга болгарларынын мамлекеттик дини болуп жарыяланган. Бул мезгилде аббасилердин жумшак саясатынын натыйжасында түрк элдеринин исламга отүүсү тездик менен жүргөн. Орто Азияны ээлеи турган иран тилдүү саманилер династиясынын эмирлери түрк урууларынын арасында исламды таратууга жандарын үрөи келишкен. Саманилерге негизинен азыркы Кыргызстандын аймагын ээлеи турган карлук уруулары катуу каршылык көрсөтүшөт. Ошондуктан, Саманилер мамлекети карлук урууларын күчтөи баш ийдире алган эмес. Карлуктардын бираз гана бөлүгү ислам динин кабыл алышкан. 940-ж. карлуктардын чигил уруусунун башкаруучусу Билге Кадыр хандын уулу Сатук Буура Карахан (920-955) исламды кабыл алат. Ал аталаш тууганы Огулчак Кадыр хандын Кашкардагы ордосун басыи алып, өзүн жаңы династиянын—Караханийлер кагандыгынын (940-1212) туңгуч каганы деп жарыялайт. Бул мезгилде түрк кагандыктары доорунан калган “каган” аталышы Бирдиктүү Караханийлер кагандыгында бара-бара “хан” аталышы менен алмаштырылган. Сатук Карахан Ысык-Көлдү, Ат-Башыны, Суусамырды, Чүй өрөөнүн да басыи алган. Муну менен бирге ал өзүнө мусулманча Абд аль-Карим [5, 35-б.] деген жаңы атты алат. Жаңы мамлекеттин борбору Чүй өрөөнүндөгү Баласагын шаары болгон. Орто кылымдардагы мусулман булактары караханийлер династиясын “Афрасийаб Али Эр Тонганын уулдары” [3, с. 34], “Афрасийаб үйү” деп аташат [6, с. 66]. Мында чындыктын үлүшү да бар. Анткени, бул мезгилде байыртадан бери келе жаткан Иран-Туран тирешүүсү күч алып турган эле. Саманилер иран тилдүү эл болуп, Иранды жана Мавераннахрды ээлеп турушкан жана Туранды, б. а. турлардын, түрк элдеринин өлкөсүн баш ийдирүүгө умтулушкан. Ал эми Бирдиктүү Караханий кагандыгынын чыныгы негиздөөчүсү Сатук Буура Карахан 955-ж. олүп, сөөгү Чыгыш Түркстандагы Артыш шаарына коюлган. Сатук Буура Карахандын ордуна уулу Байташ Арслан-хан (мусулманча аты Муса) такка отурган.

Байташ (955-970) 960-ж. исламды караханийлердин мамлекеттик дини деп жарыялайт. Тарыхый маалыматтарга караганда, бул жылы 200 миң түтүн түрк уруулары бир эле мезгилде ислам динин кабыл алышкан [2, с. 166-172]. Кыргызстандын тарыхындагы бул маанилүү окуя Киев Русунун князы Владимирдин Рустун калкын массалык чокундурушуна окшоп кетет. Болжолу, ушул эле учурда саманилерге каршылык көрсөтүп жаткан Огуз Жабгу мамлекетинен бөлүнүп кеткен кынык уруусунун жол башчысы Селжук (902-1009) Сыр-Дарыянын жээгиндеги Женд шаарында ислам динин кабыл алган. Бирок, селжуктардын адегенде исламга отүүсү формалдуу гана болгон. Ал эми Караханийлер мамлекетинде, биз жогоруда көргөндөй, ислам мамлекеттик дин болуп калган. 963-ж. самани эмиринен бөлүнүп кеткен түрк колбашчысы Алп тегин (963-?) Афганистандагы Газна шаарын ээлеп, ал да исламды кабыл алган. Алп тегин жаңы Газневилер мамлекетинин негиздөөчүсү болуп калат. Анын ордун баскан Себук тегин (977-997) Ысык-Көлдөгү Барскан жергесинен болгондугу кызыгууну туудурат. Себук тегиндин тушунда Газневилер мамлекети тездик менен кеңейе баштаган. Газневилердин чек аралары султан Махмуддун тушунда (998-1030) эң кеңири чегине жеткен.

990-ж. караханийлердин көрүнүктүү башкаруучусу Харун Буура хан (970-993) Чүй өрөөнүндөгү Баласагындан чыгып, саманилер мурда карлуктардан тартып алган Тараз менен Исфижабды, Озгөндү ээлейт. 992-ж. Саманилер мамлекетинин борбору Бухара шаарын курчоого алган. Шаарды ээлегени менен, Харун Буура хандын оорусу күчөп, караханийлердин аскерлери аны таштап, Чүй өрөөнүнө кайтып кетишкен. Озгөндүн караханийлерге өтүшү менен, караханийлердин батыш бутагынын династиясы борбордук бийликтен бөлүнө баштаган. Озгөн шаары Караханийлер кагандыгынын экинчи борбору болуп калган.

996-ж. караханийлердин батыш бутагынын өкүлү элик Наср ибн Али (994-1012) Мавераннахрга басып кирген. Бул мезгилде саманилер менен селжуктар, караханийлер менен газневилер союздук келишим түзүшкөн. Элик Наср Саманилер мамлекетин газневилер менен бирге бөлүшүүгө киришкен. Келишимге ылайык караханийлерге Катван талаасынын түндүк жагындагы жерлер, б. а. Мавераннахр, Себук тегинге Аму-Дарыянын түштүк жагындагы жерлер, б. а. Хорасан менен Афганистан тийген. 999-ж. элик Наср Бухараны биротоло ээлеп, Саманилер мамлекетин жойгон. Эми жаңы кырдаалга ылайык, караханийлер менен газневилердин чек аралары кошулган. Мавераннахрды ээлеген соң, караханийлер эки жолу, 1006 жана 1008-жж. газневилерге таандык

Хорасанга басып киришкени менен, султан Махмуддун аскерлеринен жеңилип калышкан.

Селжуктар болсо, алардын ортосунда калышканы менен, кийинки бөлүшүүгө ылайык, Газневилер мамлекетинин букаралары болушкан. Бул мезгилде жүз жашынан ашкан Селжук дүйнөдөн өтүп, уулу Арслан жабгу болуп жарыяланган. Аны султан Махмуд айлакердик менен туткунга алып, Индиядагы Калинжар чебине каматкан. Арслан жабгу 1032-ж. бул чепте өлгөн. Султан Махмуддун ордун баскан уулу Масудга (1030-1041) көз карандысыздыкка умтулган селжуктар менен күрөшүүгө туура келген.

1040-ж. Данданакан чөлүндөгү [12, р. 20] согушта Селжуктун неберелери Тугрул жана Чагры бектер баштаган селжук аскерлери султан Масуддун аскерлеринин таш талканын чыгарган. Буга чейин эле селжуктар газневилердин Хорасандагы шаарларын ээлеп алышкан эле. Бул жеңиш селжуктарга көз карандысыздыкты жана жаңы жерлерди басып алуу идеясын алып келсе, газневилер үчүн акырындык менен кулоо мезгилинин башталышы болгон. Тугрул бек жаңы мамлекеттин—Улуу Селжуктардын алгачкы султаны болуп жарыяланган. Улуу Селжуктардын алгачкы борбору Нишабур шаары болуп, кийин борбор шаар Рейге, андан кийин Исфаханга көчүрүлгөн. Султан Тугрулдун тушунда (1040-1063) селжук басып алуулары негизинен батыш тарапта болуп, Иран толук басылып алынган. Караханийлер менен газневилерден айырмаланып, Улуу Селжуктардын мамлекети кеңири аймактарды аскердик басып алуунун натыйжасында түзүлгөн. Караханийлер мамлекети бул мезгилде ич ара чыр-чатактардын жана келишпестиктердин натыйжасында 1040-ж. баштап, өз алдынча эки мамлекетке: Чыгыш жана Батыш Караханийлер кагандыктарына бөлүнүп калган.

Улуу Селжуктардын алгачкы өкүмдары султан Тугрул 1063-ж. өлгөн соң, бир тууганы Чагры бектин уулу Алп Арслан башка каршылаштарын жеңип, жаңы султан болуп жарыяланган. Алп Арсландын тушунда (1064-1072) караханийлер менен тынчтык келишими түзүлүп, ал келишим династиялык нике менен бекемделген (Алп Арсландын уулу Меликшах менен караханийлик Теркен ханышанын ортосунда нике кыйылган). 1071-ж. Алп Арслан Кичи Азияда Византия императору Романос Диогенести Манңикерт жергесинде жеңип, бул жеңиш менен селжуктарга Анадолунун эшиктерин ачкан [8, с. 6]. Бул даңазалуу жеңишинен кийин Алп Арслан 1072-ж. болжолу 200 миң аскери менен караханийлерди басып алуу үчүн Түркстан жортуулуна чыгып, Аму-Дарыяны кечип өткөн. Эгерде аскердик күч-кубаты жагынан карасак, султан Алп Арсландын караханийлерди басып алышы реалдуу көрүнгөн иш эле. Бирок, окуялар таптакыр башка нукта өнүгүп, Алп Арслан Хорезмде Селжук аскерлери тарабынан курчалган Берзем чебинин башкаруучусу Юсуфтун канжарынан оор жаракат алып өлгөн. Селжук армиясы кайра кайтууга буйрук алган.

Алп Арсландын ордуна такка отурган уулу султан Меликшах (1072-1092) чыгыштагы коңшуларынын (караханийлер жана газневилер) Улуу Селжуктардын чек араларына басып кирүүсү менен каршылашкан. Такка отурганда Меликшахка каршы чыккан тууганы мелик Кавурд туткундалып өлтүрүлгөн. Батыш Караханийлердин башкаруучусу Шамсүл-Мүлк I. Наср селжуктарга таандык Тирмизди басып алган. Газневи султаны Ибрахим болсо өз аскерлери менен селжуктардын Чигил-кент шаарына басып кирген [1, с. 122-123].

Меликшахтын негизги максаты бардык ислам өлкөлөрүн Улуу Селжук империясына бириктирүү эле. Бул максатына жетиш үчүн Меликшах өмүрүнүн акырына чейин аскердик жортуулдарды уюштурган. Кавурд маселесин чечкен соң, султан Меликшах мурда атасынын учурунда вазир болгон акылман Низамүл-Мүлктүн кеңеши менен [10, s. 5-18] Батыш Караханийлерге каршы аскердик жортуул уюштурууну чечкен. Шамсүл-Мүлк I. Наср Меликшахты коркутканы менен, селжук армиясынан жеңилүүгө учураган. Меликшах 1074-ж. караханийлер ээлеп алган Тирмиз чебин кайрадан ээлеп, Батыш Караханийлердин борбору Самаркандга жеткен. I. Наср селжук аскерлерин көргөндө жүрөгү түшүп, вазир Низамүл-Мүлктүн ортомчулугу менен Меликшахтан кечирим сураган, Батыш Караханийлер өлкөсү Улуу Селжуктардын вассалы боло тургандыгына сөз берген. Султан Меликшах, Караханийлердин башына кайрадан I. Насрды дайындап, Хорасанга кайтып кеткен. Бул жортуулдун жыйынтыгында Батыш Караханийлери сөз жүзүндө болсо да, селжуктарга вассал мамлекетке айланган.

Меликшахтын караханийлерге каршы экинчи жортуулу 1088-1089-жж. болуп өткөн. Караханийлерден Исфаханга барган соодагер Абу Тахир Батыш Караханийлердин өкүмдары Ахмет хандан (1081-1089) султанга арызданып, Караханийлердин өлкөсүн каратып алууну сунуштаган. Меликшах ушундан кийин Хорасан шаарларынан көп аскер топтоп, экинчи жолу Мавераннахрга жортуулга чыккан. Бухараны бир канча күн курчоодон кийин алып, анан Самаркандды көздөй жөнөгөн. Селжук аскерлери Самаркандды курчоого алышкан. Ошондо Батыш Караханийлердин башкаруучусу Ахмет хан кулдук уруп келип, Меликшахка көз каранды экендигин тастыктайт. Меликшах бул жортуулунда Батыш Караханийлердин өлкөсүн толугу менен каратууну көздөп, Өзгөнгө чейин жеткен. Өзгөндөн Меликшах Чыгыш

Караханийлердин башкаруучусуна элчи жиберип, багынып берүүсүн талап кылат. Чыгыш Караханийлердин өкүмдары Хасан ибн Сулайман да Өзгөндө турган Меликшахка келип, багынып берет. Бул жортуулдун жыйынтыгында эки Караханий мамлекети тең Меликшахтын бийлигин тааныгандыгын көрөбүз. Мындан көп өтпөй, селжуктарга каршы караханийлердин Самарканд гарнизону көтөрүлүшкө чыккан. Көтөрүлүшчүлөрдү Чыгыш Караханийлердин өкүмдары Хасан ибн Сулаймандын бир тууганы Якуб тегин колдогон. Анын ээлиги азыркы Ат-Башыда эле. Меликшах кайрадан аскерлерин баштап келип, Бухараны, Самаркандды жана Өзгөндү ээлеген. Селжуктардан качкан Якуб тегинди бир тууганы Хасан ибн Сулайман карматып берет [4, с. 473], Меликшахка дагы бир жолу вассалдыгын тастыктайт [11, s. 118]. Ошентип, аскердик жортуулдардын натыйжасында эки Караханий мамлекети тең селжуктардын жогорку бийлигин таанууга мажбур болгон. Селжуктардын чыгыш чек аралары Кашкарга чейин узарган. Бирок караханийлер селжуктарга түздөн-түз баш ийишкен эмес жана көп жылдар бою алардын вассалдары [8, с. 135] болуп келишкен.

Меликшахтын өлүмүнөн кийин Улуу Селжук империясында каргашалуу доор башталат. Султан Берк-йарук (1094-1104) жана султан Мухаммед Тапардын доорунда (1104-1118) так талашуулар күчөп, бул султандар чындыгында чыгышка жортуул уюштурушкан эмес.

Султан Санжардын (1118-1157) бийликке келиши менен Улуу Селжуктардын борбору Исфахандан кайрадан чыгышка, Мервге көчүрүлгөн. Султан Санжар эки Караханий мамлекетин тең катуу көзөмөлгө алыш турган. Ага карабастан, чыгыштан келген кидандар (кара-кытайлар) 1125-1129-жж. Чыгыш Караханийлердин жерлерин басып алышып, Баласагынды (кара-кытайча Хосун-Ордо) борбор шаарына айландырышкан. Султан Санжар кидандарга каршы башында эч кандай тоскоолдук кыла алган эмес.

1141-ж. көчмөн карлуктар Батыш Караханийлердин өкүмдарына каршы көтөрүлүшкө чыгышып, кара-кытайлардын башкаруучусу гур-хан Элүй Дашини жардамга чакырышат. Батыш Караханийлердин башкаруучусу Махмуд ибн Мухаммед болсо, жардам сурап сюзерени султан Санжарга кайрылат [7, с. 279]. Султан Санжар бул жортуулга абдан катуу камданып, жеңишке жетишээрине ынанып алган болчу. Бул учурда селжук-батыш караханий аскерлери, карлуктар менен кара-кытайлар биригишет. Эки чоң кошуун 1141-ж. 9-сентябрда Самарканддын түндүгүндөгү Катван талаасында бетме-бет туруп, кан күйгөн оор салгылашуу башталат. Согушта султан Санжар башында турган селжук-караханий аскерлери оор жеңилүүгө учурайт. Улуу Селжуктардын бул жеңилиши султан Санжардын беделине урулган эң чоң сокку болуп, анын аялы, үй-бүлөсү, аскерлеринин көбү гур-хандын колуна туткунга түшкөн. Султан Санжар согуш талаасынан араң качып кутулган. Мындан соң, кыска убакыттын ичинде кара-кытайлар бүткүл Батыш Караханийлер мамлекетинин жерлерин басып алышат. Бирок, бул эң чоң жеңишке карабастан, кара-кытайлардын гур-ханы Элүй Даши ийгиликти андан ары улантып, Улуу Селжук империясын толук каратып алууну ишке ашырган эмес. Бул окуянын эң маанилүү жыйынтыгы, султан Санжардын Караханийлердин өлкөсүн толугу менен жоготкондугунда эле. Ушундан кийин караханийлердин жерлери бутпарас кара-кытайлардын бийлигинин астында калган. Ошондон көп өтпөй, 1157-ж. 26-апрелде карып калган султан Санжар өлүп [1, т. II, с. 81], Улуу Селжук империясы да кулаган. Улуу Селжуктардын алкагында курулган селжук мамлекеттеринин ирилери: Ирак Селжуктары, Кирман Селжуктары, Сирия Селжуктары жана Анадолу Селжуктары дагы бир канча кылым өкүм сүрүшкөн.

## Адабияттар


1. Ахмед бин Махмуд (подготовил Эрдоган Мерчил), Сельджук-наме, т. I-II., Стамбул 1977
2. Матвеева В. В., Куббел Л. Е., Арабские источники XII-XIII веков, Ленинград 1985
3. Махмуд аль-Кашгари, Диван Лугат ат-Турк, Алматы 2005
4. Джуманалиев Т., Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана (VII в. до н. э.—нач. XIII в.), т. I., Бишкек 2007
5. Решат Генч, Карахандар мамлекетинин бийлик түзүлүшү, Бишкек 2004
6. Бартольд В. В., Тюрки. Двенадцать лекций по истории турецких народов Средней Азии, Алматы 1998
7. Рыбаков Р. Б., Алаев Л. Б. и др., История Востока: Восток в средние века, т. II, Москва 2002
8. С. И. Ильясов, В. М. Плоских и др., История Киргизской ССР, т. I, Фрунзе 1984
9. С. Г. Агаджанов, Сельджукиды и Туркмения в XI-XII вв., Ашхабад 1973
10. Turan O., Selçuklular Tarihi ve Türk-İslam Medeniyeti, İstanbul 1969
11. Köymen M. A., Nizamülmülk. Siyasetname, Ankara 1976
12. Merçil E., Sevim A., Selçuklu Devletleri Tarihi: Siyaset, Teşkilat ve Kültür, Ankara 1995
13. Tetley G. E., The Ghaznavid and Seljuk Turks, New York 2009